БЕКИТЕМИН
Б.Осмонов атындагы
КМУнунЭкономика жана укук
колледжинин директору
Жороева А.М.
сентябрь 2026 жыл

ЭУКтун АЧД жана дене-тарбия сабактары үчүн
2026 – 2027 окуу жылына карата түзүлгөн иш планы

1. **Максаты**

Колледждин студенттерин Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө кызмат өтөөгө даярдоо,дене тарбиялык жана баштапкы аскердик даярдыгын жогорулатуу, мекенчилдикке, тартиптүүлүккө, жоопкерчиликке, сергек жашоо мүнөзүнө ден соолугун чыңдоого жана ошондой эле өзгөчө мезгилде командалык негизде иштөөгө тарбиялоо.

2. **Негизги милдеттери**

1. Студенттерге аскердик билимдердин негиздерин үйрөтүү
2. Студенттердин дене даярдыгын системалуу түрдө жогорулатуу
3. Аскердик патриоттук тарбия иштерин уюштуруу
4. Дене тарбия боюнча контролдук нормативдерди кабыл алуу жана жыйынтыктарын талдоо
5. Аскердик-спорттук мелдештерди,эстафеталарды жана спорттук иш-чараларды өткөрүү
6. Аскердик бөлүктөр,ардагерлер жана тиешелүү мекемелер менен кызматташуу
7. Биринчи мед.жардам көрсөтүү,жарандык коргонуу жана коопсуздук боюнча түшүнүктөрдү калыптандыруу
8. Аскерге чейинки даярдык жана дене тарбия сабактары боюнча окуу-материалдык базаны чыңдоо.

№	Аткарылуучу иш-чаралардын мазмуну	Мөөнөтү	Жооптуу	Күтүлүүчү натыйжа	Индикатор
1	Жаңы окуу жылына карата ТӨМгө ылайык иш планын түзүү жана бекитүү	сентябрь	Карыбаев С.С.	Түзүлгөн иш пландын негизинде белгиленген жумуштар көзөмөлгө алынып аткарылат	Фото,видео камтыган тактамалар жазылат
2	Тайпадагы студенттердин	сентябрь	АЧД, дене тарбия	Стеденттердин ден	Медициналык

	тизмесин,дене даярдыгы жана ден соолугунун абалы боюнча маалыматтарды тактоо		мугалимдери	соолугунун абалы боюнча маалыматтар такталып,өзгөчөлөктөрү бар студенттер такталат	маалыматтар,студ.тизмеси,маалымат каттар такталат.
3	Аскерге чейинки даярдык жана дене тарбия сабактарын окуу планына ылайык уюштуруу	Жыл ичинде	Карыбаев С.С.	АЧД жана дене тарбия сабактары боюнча студенттердин билими жана практикалык көндүмдөрү жогорулайт	Сабака катышуу журналы,практ.иштердин жыйынтыктары такталат.
4	ТӨМнын 4-максатына ылайык (Сапаттуу билим берүү); Спорт аркылуу тартипке, жоопкерчиликке жана командада иштөөгө тарбиялоо - билим берүү процессинин ажырагыс бөлүгү болгондуктан студенттерге аскерге чейинки даярдык жана дене тарбия сабактары боюнча коопсуздук эрежелерин,ички тартипти сактоо,спорттук жабдууларды туура пайдалануу тууралу түшүндүрмө иштерин жүргүзүү	сентябрь	АЧД,дене тарбия мугалимдери	Студенттер кооопсуздук эрежелерин жана ички тартипти билишет жана сакташат	Каттоо журналы менен белгиленет
5	ТӨМдун 3-максатына ылайык (Чың ден-соолук жана бакубаттуулук); студенттер арасында сергек жашоо образын жайылтуу жана физикалык активдүүлүктү арттыруу максатында спорттук баштапкы нормативдерин кабыл алуу	сентябрь	Дене тарбия мугалимдери	Студенттердин баштапкы дене даярдыгынын деңгээли аныкталат	Жыйынтыгы журналда бааланат
6	Саптык жана жалпы дене даярдыгы боюнча ар дайым машыгууларды уюштуруу	Жыл ичинде	АЧД, дене тарбия мугалимдери	Студенттердин саптык көнүмдөрү жана дене даярдыгы жогорулайт	Практикалык машыгууга катышкандардын саны

7	Саптык даярдык боюнча практикалык машыгууларды өткөрүү	Жумушчу программа га ылайык	АЧД мугалимдери	Студенттер саптык буйруктарды,сапта турууну туура аткарууга үйрөнүшөт	Текшерүү жүргүзүлөт
8	АЧД.дене тарбия сабактары боюнча иш чараларды өткөрүү	Жыл ичинде	АЧД.дене тарбия мугалимдери	АЧД жана дене тарбия сабактарына кызыгуулары жогорулайт	Өткөрүлгөн иш чарага тактамалар жазылат
9	Шахмат,тогуз коргоол оюндары боюнча студенттер арасында иш чара өткөрүү	ноябрь	Дене тарбия мугалимдери, Карыбаев С	Студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жана мыкты оюнчуларды аныктоо	Женүүчүлөр аныкталат,тактама жазылат
10	Биринчи мед.жардам көрсөтүүнүн негиздери боюнча практикалык машыгууну уюштуруу	Жыл ичинде	АЧД мугалимдери жана мед.кызматкер	Өзгөчө кырдаалдарда жана кырсык учурунда биринчи мед.жардам көрсөтүү көндүмдөрүн калыптандыруу	Студенттер алгачкы мед.жардамдын алгачкы ыкмаларын өздөштүрүштү,отчет жазылат
11	Жарандык коргонуу жана өзгөчө кырдаалдарда туура аракеттенүү боюнча практикалык сабак уюштуруу	Жыл ичинде	АЧД мугалимдери жана ӨКМ	Студенттердин өзгөчө кырдаал учурунда туура аракеттенүү деңгээлин жогорулатуу	Жарандык коргонуу практикада сыналды жана ӨКМ кызматкери тарабынан бааланат.
12	Колледждин окутуучулары арасында жаңы-жылдык спорттук иш чара өткөрүү(волейбол,баскетбол,теннис,шахмат,тогуз коргоол)	январь	Карыбаев С.	Окутуучулардын ден-соолугун чыңдоо,жамаатта ынтымакты жана сергек жашоо образын чыңдоо	Жеңичүүлөр баалу белектер жана грамоталар менен сыланды,майрамдык спорттук маанай түзүлөт.
13	Аскердик-патриоттук темада “ Мекенди коргоо-ар бир жарандын милдети”аттуу тарбиялык иш чара,афган согушунун ардагерлери менен жолугушуу өткөрүү	февраль	АЧД мугалимдери С.Карыбаев	Студенттерде мекенчилдик сезимди калыптандыруу жана аскердик кызматка болгон кызыгууну арттыруу	Сүрөт,видео тасма тартылат
14	Студенттер арасында аскердик бөлүккө экскурсия уюштуруу	февраль	АЧД мугалимдери С.Карыбаев	Студенттерди жоокерлердин күнүмдүк жашоосу,курал-жаракталар жана аскердик	Аскердик бөлүктүн кызматкерлери менен биргеликте эксурсия

				тартип менен жакындан тааныштыруу	өткөрүлдү,тактамалар жазылат.
15	“Ден-соолук зор байлык”темасында, чуркоо,күч көнүгүүлөрү,ылдамдык жана чыдамкайлык боюнча иш чара өткөрүү	Жыл ичинде	Дене тарбия мугалимдери жана С.Карыбаев	Студенттердин физикалык чыдамкайлыгын,ылдамдыгын жогорулатуу жана спортко массалык түрдө тартуу	Өткөрүлгөн иш чараларга отчёт жазылат
16	ТӨМнын5-максатына ылайык(Гендердик теңчилик); Кыздардын спортко болгон кызыгуусун колдоо аркылуу алардын коомдук активдүүлүгүн жана лидерлик сапаттарын өнүктүрүү максатында студент-кыздар арасында “Волейбол-2027” спорттук оюну боюнча мелдеш өткөрүү	март	Дене тарбия мугалимдери, Карыбаев С	ТӨМдүн программасына ылайык кыз-студенттердин гендердик саясаттын өнүгүүсүнө шарттар түзүлөт жана кыздар аралык курама командалар такталат	Турнирдин жеңүүчүлөрү аныкталып диплом жана грамоталар менен сыйланат,фото отчет жазылат
17	Жеңил атлетика боюнча колледждин окутуучулары жана студенттери арасында мелдеш өткөрүү	март	Дене тарбия мугалимдери, Карыбаев С	Окутуучулар менен студенттердин жеңил атлетика (чуркоо,секирүү) боюнча спорттун деңгээлин аныктоо	Колледждин эң ылдам жана чыдамкай спортчулары такталып,тактама жазылат(сүрөт,видеоС)
18	Баскетбол спорттук оюну боюнча студенттер арасында мелдеш өтөрүү	апрель	Дене тарбия мугалимдери, Карыбаев С	Студенттер арасында дени сак жашоо образы жайылтылды,командалык рух жана бири-бирин колдоо сезимдери күчөдү,өзгөчө таланты бар балдар аныкталат .	Мелдешке студенттердин катышуусу камсыздалат,колледждин дипломдору жана грамоталары менен сыйланат.
19	Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн түзүлгөн күнүнө жана Улуу Ата-Мекендик согуштун 82-жылдыгына карата аскердик-спорттук иш чара	май	АЧД мугалимдери С.Карыбаев	Студенттердин арасында мекенчилдик,патриоттук сезимдер калыптанат,аскердик-спорттук даярдыкка болгон	Аскердик-спорттук иш чарага катышкан студенттер такталат жана диплом, грамоталар менен

	өткөрүү			кызыгуусу артат, ата-мекенди коргоочулардын тарыхый эрдигин эскерүү менен моралдык тарбия алат.	сыйланат.фото,фидео отчет жазылат
20	Студенттер арасында кичи футбол спорттук оюну боюнча мелдеш уюштуруу	май	Дене тарбия мугалимдери, Карыбаев С	Студенттер арасында дени сак жашоо образы жайылтылды,командалык рух жана бири-бирин колдоо сезимдери күчөдү,өзгөчө таланты бар балдар аныкталат.	Мелдешке студенттердин катышуусу камсыздалат,колледждин дипломдору жана грамоталары менен сыйланат.
21	2026-2027-окуу жылындагы аскердик-спорттук мелдештерде өзгөчөлөнгөн студенттерди сыйлоого сунуштоо	Май,июнь	Карыбаев С	Студенттердин асердик даярдыкка жана спортко болгон ички мотивациялры жогорулайт,башка студенттерге үлгү болот	Окуу жылдын жыйынтыгы менен **мыкты спортчу, мыкты командир** грамоталары менен сыйланат
22	Окуу жылында аткарылган иш чаралар боюнча отчет даярдоо жана отчет берүү	июнь	Карыбаев С	Өтүлгөн иш-чаралардын сапаты жана кемчилдиктери талданат,аткарылган иштердин мониторинги такталып кийинки окуу жылы үчүн негизги багыттар аныкталат.	Түзулгөн иш-чаралардын аткарылышы боюнча убагында расмий отчет берилет жана жаңы окуу жылына карата сунуштар берилет.
23	Аскерге чейинки даярдык жана дене тарбия сабактары боюнча жабдууларды текшерип инвентаризациядан өткөрүү	июнь	Карыбаев С	АЧД жана дене-тарбия бөлмөлөрүндөгү спорттук курал –жабдыктардын абалы,саны такталды,материалдык базанын коопсуздугу камсыз болот.	Жабдуулардын бүтүндүгү сакталып,эскирген каражаттар тизмеден чыгарылды.Кийинки жылга жаңы спорттук инвентарлардын тизмеси түзүлөт
24	Келерки жаңы окуу жылына карата сунуштарды жана иш план	июнь	Карыбаев С	Өтүлгөн иш-чаралардын сапаты жана кемчилдиктери	Түзулгөн иш-чаралардын

	даярдоо			талданат,аткарылган иштердин монторинги такталып кийинки окуу жылы үчүн негизги багыттар аныкталат.	аткарылышы боюнча убагында расмий отчет берилет жана жаңы окуу жылына карата сунуштар берилет.

Ар дайыма жүргүзүлүүчү иштер

- Студенттердин сабака катышуусун жана тартибин көзөмөлдөө;
- АЧД жана дене-тарбия сабактарында коопсуздук эрежелеринин сакталышын камсыз кылуу;
- Колледждин өткөрүлүүчү спорт оюндарына курама командаларын түзүү жана мелдештерге даярдоо;
- АЧД жана дене-тарбия сабактарында ачык сабактарды уюштуруу жана катышуу;
- Аскердик жана спорттук инвентарларды сактоо жана көзөмөлдөө;
- Кураторлор жана колледждин администрациясы менен биргеликте студенттер арасында коопсуздук жана тартип сактоо боюнча иш алып баруу;
- Зарыл болгон учурда мед.кызматкери жана тиешелүү мекемелер менен биргеликте иш жүргүзүү.

Күтүлүүчү натыйжа

Окуу жылынын аягында студенттердин аскердик көндүмдөрүн калыптандыруу,мекенчилдик сезимдерин күчөтүү,дене даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу,сергек жашоо образын жайылтуу жана аскердик-спорттук иш чараларга активдүү катышуусун камсыз кылуу.

Эскертүү: түзүлгөн иш-чаралардын күндөрү өзгөртүлүшү мүмкүн.

Экономика жана укук колледжинин
АЧД жана дене-тарбия иштери боюнча жетекчи **Карыбаев С.С.**